ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 347.97/.99(575.2)

**ТОКТАКУН К. ГҮЛНУРА**
ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ЮРИДИЧЕСКИЙ ИНСТИТУТ
ОШ, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: GULNURA-29@MAIL.RU
**TOKTAKUN K. GULNURA**
OSH STATE LAW INSTITUTE OSH, KYRGYZ REPUBLIC
E-MAIL: GULNURA-29@MAIL.RU

***E.mail. ksucta@elcat.kg***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ БИЙЛИГИНИН ТАРЫХЫ

# ИСТОРИЯ СУДБЕНОГО ПРАВЛЕНИЯ КР

# HISTORY OF THE JUDICIARY OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*Кыргыз Республикасынын сот системасынын түзүлүү, өнүгүү тарыхы мекенибиздин тарыхынын ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат. Ал өзүнүн узак тарыхый жолунда абдан чоң тажрыйбага ээ болуп, мамлекеттин өсүп-өнүгүшүндөгү эң негиздүү орунду ээлегени макалада баяндалмакчы.*
***Чечүүчү сөздөр:*** *сот, мамлекеттик бийлик, сот бийлиги, сот адилеттиги, сот өндүрүшү, сот-укуктук мамилелер, сот органдары.*

*Функционирования судебной системы и его историческое развития является неотъемлемыми частями истории Кыргызской Республики. Судебная система своей длительной историческом пути имело большой опыт и оно имела основную роль в истории развития государства. Они будут описаны в последующей статье.*
***Ключевые слова:*** *суд, государственная власть, судебная власть, правосудие, судопроизводство, судебно-правовые отношения, судебные органы.*

*Functioning of the judiciary and its historical development are integral parts of the history of the Kyrgyz Republic. The judicial system in its long historical path had great experience and it had a major role in the history of state development.They will be described in the following article.*
***Key words:*** *The court, state power, judicial power, justice, judicial proceedings, judicial and legal relations, judicial bodies.*

Тарыхыбызга кайрылсак, көчмөн кыргыз элинде кыргыз урууларынын ортосунда жана башка сырт уруулардын ортолорунда чыккан талаш-тартыштарды үрп-адат жана шарият укуктарынын негиздеринде чечип келишкен.

Кокон хандыгынын тушунда кыргыздар жашаган аймакта жүрүм-турум ченеминин негизги булагы болуп адат укугу эсептелген мезгилде казылар сотун жана шариатты мажбурлап киргизүү башталган. Сот тутумуна казылар жана мыйзам таануучулар – муфтийлер менен аглямдар кирген. Мамлекет башчысы казыны кызматка дайындап, кызматтан алып, жана аны жоопкерчиликке тарта алган. Кыргыздардын сот тутумунун эксплуататордук маңызы менен байыркылыгы укук бузуучуларга карата санкция колдонууда байкалып турат. Биз карап жаткан мезгилдерде соттор катаал жазаларды - өлүм жазасын, абакта кармоо, денеге залал келтирүү, кун, айып колдонушкан. Санкциялар

бийлер жана казылар тарабынан өз каалоосу боюнча аныкталып, кыргыздардын катарда да, мусулман укугу боюнча да жаза колдонуунун эч кандай баскычы каралган эмес.

Кыргызстандын Орусиянын тутумуна өз эрки менен киргенге чейин сот адилеттиги кыргыздардын патриархалдык-феодалдык жакшылары – бийлер тарабынан жүзөгө ашырылып келген [1]. Бий соттору Түндүк Кыргызстандын бардык аймагында болгон. Ал эми Түштүк Кыргызстандын отурукташкан жана жарым-жартылай отурукташкан аймактарында бий сотторунан сырткары казы соттору болгон [2].

Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийин Совет бийлигинин алдында жаңы сот тутумун түзүү негизги милдети турду. Советтик жаңы сотту түзүү процесси тууралуу 1917-жылдын 24-ноябрында №1 Декрет кабыл алынган. Сот жөнүндө кабыл алынган №1 декрет жаңы сот тутумунун башталышы болуп эсептелинет. Бул декреттин кабыл алынышы менен эски сот тутуму: жалпы соттук эреже, сот палаталары жана бардык департаменттерге жетекчилик кылуучу сенат, бардык аталыштагы аскер жана деңиз соттору, коммерциялык соттор жоюлган.

1920-жылдын 2-сентябрында Кеңештер съездинде Түркстан АССРинин Конституциясынын кабыл алынышы Кыргызстан үчүн маанилүү окуялардын бири болгон. Конституциянын 46-беренесине ылайык, Түркстан АССРинин сот түзүлүшүнүн жана сот өндүрүшүнүн укуктук ченемдери жана негиздери каралган. Буга ылайык, 1921-жылдын 6-октябрында Түркстан АССРнин Борбордук аткаруу комитети №56 токтому менен «Казылар соту тууралуу» Жобону бекиткен [3].

1923-жылы жарандык иштерди чечүү менен териштирүү тартибин жөнгө салуу, мүлктүк төлөмдөрдү өндүрүү багытындагы жарандык иштер боюнча чечимдерин, сот өкүмдөрүн аткаруу, ошондой эле сот, прокурор, тараптар, тараптардын өкүлдөрү жана башка процесстин катышуучуларынын процессуалдык укугу менен милдеттеринин тартибин жөнгө салган РСФСРдин Жарандык процессуалдык кодекси кабыл алынып, РСФСРдин бардык аймагына 1923-жылдын 1-сентябрынан баштап күчүнө кирген. Түркстан АССРинин өкмөтү бий, казы сот торунун жобосуна алардын ыйгарым укуктарын бир катар кыскартуучу өзгөртүүлөрдү киргизген. Алгач бий соттору жокко чыгарылган.

1924-жылы казы сотторунан кылмыш иштерин кароо милдетин советтик элдик сотторго өткөрүп берүү жөнүндөгү токтом кабыл алынган. Казы сотторуна 25 рублге чейинки доо иштеринен турган, ошондой эле нике жана мурастык мамилелерден келип чыккан жарандык иштерди кароо калтырылып, ал эми казы сотторунун чечимине макул болбогондор ишти жалпы тартипте караган элдик сотко арыз менен кайрылууга укуктуу болушкан. Элдик соттордун баркы көтөрүлө баштаганда, казы сотторунун ролу акырындык менен солгундай берген. Казы сотторун жоюу жөнүндөгү чечим 1927-жылдын 1-ноябрында кабыл алынган.

1936-жылдын 5-декабрындагы СССРдин Конституциясы кабыл алынган. Жаңы Конституциянын негизинде Кыргыз Автономдуу Республикасы Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы болуп түзүлүп, Советтер Союзунун Социалисттик Республикасынын курамына өз эрки менен кирип башка республикалардай эле тең укуктагы өлкөлөрдүн бирине айланган. Ушул учурдан баштап Кыргыз АССРинин башкы соту республиканын Жогорку Соту деп аталып, ага ылайык анын түзүлүшү менен милдеттери өзгөрүлгөн. Соттор өкүм менен чечимдерди Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын атынан чыгара башташты. Жалпысынан айтканда, СССРдин жаңы Конституциясынын кабыл алынышы жана анын негизинде Кыргыз ССРинин уюшулушу учурунда Кыргызстандын аймагында анын автономдук баш ийүү шартында сот тутумунун баштапкы этабы оң көрүнүштөр менен мүнөздөлөт жана автономдук мамлекеттүүлүк республиканын Башкы соту башында турган эл сотторунун ишмердигин оптималдуу уюштурулушуна жана жөнгө салынышына мүмкүндүк берген.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда республика аны менен бирге соттук тутум оор мезгилди башынан өткөрдү. Согуш абалы жарыялангандан баштап, мамлекеттик бийлик

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

органдарынын баардык функциялары коомдук тартип менен мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуу аскердик фронт кеңешине, армия, аскер округдарына, ал эми аскер округдары жок жерлерде – аскер бирикмелеринин жогорку колбашчысына милдеттендирилген. Иштердин караштуулугу аныкталып, аскер трибуналдарынын ыйгарым укуктары бир кыйла кеңейген. Мындан сырткары, колбашчылык зарыл деп тапса, аскер бийликтерине алып сатардык, зөөкүрдүк, союздук республикалардын Кылмыш кодекси менен каралган иштерди аскер трибуналына иликтөөгө жиберүү укугу берилген.

1990-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө декларациясы кабыл алынып, 1991-жылдын 31-августунда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларациясы кабыл алынды. Ошул күндөн баштап кыргыз элинин тарыхында турмуштун жаңы барагы, көз карандысыз, өз алдынча өнүгүүнүн жаңы жолу башталды[4].

1993-жылдын 5-майында Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынып, анда Кыргызстан эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик бийлиги мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарына бөлүштүрүү принциптерине негизделген республика деп белгиленди.

Конституцияда «Сот бийлиги - бийликтин үчүнчү бутагы болуп эсептелет. Соттордун эң негизги максаты - сот адилеттигин ишке ашыруу болуп саналат. Кыргыз Республикасындагы сот системасы башка бийликтерге көз каранды болбой сот адилеттигин Конституцияга жана мыйзамдарга гана таянат» деп , сот бийлигинде эмгектенгендерге көптөгөн кепилдиктер каралган. Ошондуктан 1994-жылдын 15-июлунда Кыргыз Республикасынын судьяларынын I Уюмдаштыруу курултайы болуп өтүп, соттук реформанын негизги багыттары иштетилип чыккан. Кыргыз Республикасынын сот тутуму Конституциялык сотунан, Жогорку Сотунан, Жогорку арбитраждык сотунан жана жергиликтүү сотторунан (облустук, Бишкек шаарынын, шаарлардын, райондордун сотторунан, облустардын арбитраждык сотторунан, аскер сотторунан, ошондой эле аксакалдар жана ортомчул сотторунан) турган. Мыйзам актыларына ылайык, соттордун жалпы жыйындысы үч тутумга бөлүнгөн: Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту; Кыргыз Республикасынын Жогорку соту; Кыргыз Республикасынын Жогорку Арбитраждык соту жана анын көзөмөлүндөгү соттор.

Кыргыз Республикасынын 2003–жылдын 18–июлундагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Мыйзамы кабыл алынган. Жогорку Арбитраждык сот Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун тутумуна киргизилген жана ошондой эле соттук кол тийбестик макамы ырасталган. Кыргыз Республикасынын Сот бийлигинин өнүгүү тарыхындагы кийинки реформа 2010-жылга туура келет. Реформанын негизги кадамдары сот бийлигин жөнгө салган ченемдик-укуктук актылардын жаңы базасын түзүү жана кесипкөй сот адистерин тандап алууга багытталган. Бул этапта 2010-жылдын 12-апрелинде «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотун жоюу жөнүндө» убактылуу Өкмөттүн Декрети кабыл алынып Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жоюлган.

2012-жылы 8-августта Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу сот реформасы боюнча кеңеш жөнүндө» Жобо бекитилген. Жобого ылайык Кеңеш сот реформасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу консультативдик жана кеңешме орган болуп эсептелет. Сот бийлигин көз карандысыз орган болуп, эч кимдин эркине карабастан соттор Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамга гана баш ийишет. Судьялардын көз карандысыздыгынын кепилдиги Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдар менен белгиленет. Судьялар жарандык иштерди башкалардын таасири жокко чыгарылган шарттарда карашат. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, башка органдардын, кызмат адамдарынын, жарандардын, юридикалык жактардын ар кандай кийлигишүүсүнө жол

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

берилбейт жана мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет деп Кыргыз Республикасынын Жарандык Процесстик Кодексинде баса белгиленет.

Кыргыз Республикасында соттордун өз алдынчалыгын, судьялардын көз карандысыздыгын кысымга алуучу мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар чыгарылышы мүмкүн эмес. Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ишке ар кандайча кийлигишүүгө тыюу салынат. Судьяга таасир кылууга күнөөлүү адам мыйзамда каралган жоопкерчиликти тартат.

**Адабияттар тизмеси**


1. Кожоналиев С.К. Суд и уголовное право киргизов до Октябрьской революции [Текст] С.К.Кожоналиев. – Фрунзе: АН Киргизской ССР, 1963. - с.9.
2. Проект положения об управлении Семиреченской и Сыр – Дарьинской областей 1867 г. [Текст]. - СПб.: 1867. - с.21.
3. Ахметов А. Дж. Становление, развитие и совершенствование органов уголовной юстиции в Киргизии [Текст] / А.Дж.Ахметов. – Фрунзе: 1990. - с. 95-96.
4. Атакулова А.А. Кыргыз Республикасындагы сот бийлиги: тарыхый-укуктук изилдөө [Текст] / А.А.Атакулова. – Бишкек: 2016. - 45-б.
5. [Электронный ресурс]: http://jogorku.sot.kg/